## ТАБИЯТ ТААНУУ

**предмети боюнча мугалимдердин август кеңешмелерине карата сунуштар**

2012-2013-окуу жылында табият таануу предметин окутуу быйылкы жылы жарыяланган жаңы окуу планы боюнча жүргүзүлөт. Ал боюнча табият таануу предметине тиешелүү өзгөрүү жок, мурдагыдай эле 5-класстарга жумасына 1 сааттан жылына 34 саат окутулат. Бул боюнча болжолдуу календардык пландардын үлгүлөрү даярдалган.

Окутуу жылдагыдай эле предмет боюнча мамлекеттик стандарттын, «Табият таануу» окуу программасынын жана Э.Мамбетакунов, Рязанцева тарабынан жазылып, жарык көргөн «Табият таануу» окуу китебинин негизинде жүрөт.

Башталгыч мектепте окуучулардын табият, курчап турган дүйнө жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрү 1-4 класстын «Мекен таануу» курсунда өтүлөт. Анда 1-№ класста жандуу жаратылыш жөнүндө, ал эми 4-класста жансыз жаратылыш жөнүндө алгачкы билимдер берилет. Ал эми негизги мектептин башталышында – 5-класста өтүлүүчү «Табият таануу» предметинин максаты – 6-класстан баштап өз-өзүнчө окутулуучу табият жөнүндөгү предметтерди – физикалык географияны, биологияны, физиканы, химияны, астрономияны окуп үйрөнүүдө керек болуучу таяныч билимдерди калыптандыруу.

Табият жөнүндөгү илимдердин негизин физика предмети түзгөндүктөн жана көпчүлүк табигый кубулуштар физиканын закондору аркылуу түшүнджүрүлгөндүктөн, мектепте табият таануу предметин физик мугалимдердин окутушу ийгиликтүү болот.

Мугалимдердин август кеңешмесинде табият таануу, астрономия жана табият таануу боюнча төмөнкү маселелерди талкуулоо сунушталат:

1. Табият таануу предметин окутуунун сапатын жакшыртуунун жолдору.

2. Аталган предмет боюнча билим берүүдө кездешкен кыйынчылыктар жана аларды четтетүү аракеттери.

3. Мамлекеттик стандарт, окуу программасы жана окуу китебине илимий-методикалык талдоо жүргүзүү. Тажрыйбалар менен бөлүшүү жана сунуштарды иштеп чыгуу.

4. Бул предметти окутуу процессинде жаңы маалыматтык технологияларды, окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу тажрыйбалары, алардын окуучулардын билимдеринин сапатына тийгизген таасири.

5. Окутуу процессинде компютердик технологияларды колдонуу боюнча сунуштар жана тажрыйбалар.

6. Табият таануу предметти боюнча окутуу каражаттарын түзүү, окутууну интенсификациялоо маселелери.

**Б.Б.Мурзаибраимова, Савочкина В.В.**